# Энелер куну



**Энеге кандай нерсе тен келет,**
**Эне баркы эмне менен ченелет.**
**Түндү түндөй баласына арнаган,**
**Энелердин мээримин ким сезе элек.**
**Чексиз дайра энелердин мээрими,**
**Андан күчтүү сүйүү жоктой сезилди.**
**Бүт баарына бирдей карап термелип,**
**Эч эринбей мээрим төгүп келгени.**
**Эне сизге кандай мактоо жарашат,**
**Эне сизден кимдер данкты талашат**
**Эне барда эркелесен дайыма**
**Эне кымбат, эне ыйык баарынан.**

Кыргызстандагы жыл сайын өтүүчү "Энелер куну" 2012-жылдын 7-мартында Кыргыз Республикасынын экс президенти Алмазбек Атамбаев бул күндү майрамдоого жана ушундай майрамды уюштуруу боюнча сөз кылган. Башында бул майрам жыл сайын май айынын экинчи жекшембисинде өткөрүлөт деп божомолдонгон.

"Энелер куну" өзгөчө жана унутулгус майрам болуп калды. Бирок Кыргызстандар май айы майрамдарга көп болгондуктан (1 май - эмгек күнү, 5 май - конституция күнү, 9 - май Жеңиш майрамы) ошол себептен майрамды кечирээк жылдырууга суранышкан.

Ошентип майрамдоо күнү май айынын үчүнчү жекшембисине жылдырылган. 2012-жылдын 23-апрелинде №93 Алмазбек Атамбаевдин "Кыргыз Республикасындагы энелер күнүн белгилөө" жарлыгына кол койгон.

Жарлыкта айтылгандай: «Энени сыйлоо жана урматтоо салтына ылайык, эненин балдарды тарбиялоодогу маанилүү ролун таанып билүү, үй-бүлөөнү бекемдөө, коомду өнүктүрүүгө кошкон салымы Кыргыз элинде терең мааниге ээ. Ар бир жаран, жашына карабастан, эне менен болгон жан-дүйнөлүк байланышты, анын колдоосун жана сүйүүсүн сезип турат. Кандай гана эненин камкордугуна ыраазычылыгыбызды билдирбейли, баарыбир анын алдында карызбыз.

Жайдыр кыштыр жайлоо жыттуу илеби,
Баласында баардык оюу-тилеги.
Билбей жүрөм кандай заттан бүттү экен,
Бизди тууган энелердин жүрөгү

Б.Сарногоев

«Бейиш эненин таманынын астында» деген сөз эненин үй-бүлөөдөгү жана коомдогу өзгөчө орду бар экенин айгинелейт. Келечек муундун ден-соолугу, балдардын билиминин сапаты, нравалык түркүктүн жана коом баалулуктарынын калыптанышы түздөн-түз үй-бүлөөнүн бейпилдигинен, эне ден-соолугунун жана билиминин денгээлинен көз каранды.

Өлкөнүн келечек өнүгүүсү аял затынын жогорку статусун таанып билүүсүз, жана анын реалдуу абалын жакшыртуусуз мүмкүн эмес. Тилекке карщы, акыркы жылдары Кыргызстандагы абал эненин коопсуздугун, бейпилдигин, үй-бүлөөдө колдоо көрсөтүүгө мүмкүндүк бербей келди. Бул көйгөйлөргө көңүл буруу биринчилерден болуусу зарыл эле.

Ошондуктан бүгүнкү күнү өлкөбүздө саламаттыкты сактоо, билим берүү, социалдык коргом, маданият жана аял затынын экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү тармактары боюнча комплекстүү иш чаралар өтүп жатат. Андан дагы кем эмес мааниге ээ, коомдун энелерге болгон аяр мамилеси. Эң биринчиси аял затына болгон зомбулукту жок кылуу, өлкөнүн өнүгүүсүнүн маанилүү ресурсу катары аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн ачуу. 2012-жылы үй-бүлө, тынчтык, ынтымак жана кечиримдүүлүк жылы деп жарыяланганын эске алып, дал ушул жылы баатыр энелер, көп балалуу, жоокер, жалгыз бой жана жаш энелер, деги эле бүткүл Кыргызстандын энелердин жеке майрам күнү пайда болду, бул күнү өлкөнүн бардык жарандары өз апаларына өзгөчө ыраазычылыктарын айтып, куттуктай алышат.

Эненин жүрөгү өз балдарын жарык дүйнөгө келгенден баштап чоң адам болгонго чейин жана кандай гана кырдаал болбосун жакшы көрүп, сүйүшөт. Баланы тарбиялап чоңойтуу каалоосу бардык үмүттөрдү жана күтүүлөрдү актайт, бала төрөлгөндөн баштап эле эне жүрөгү ушундай болот, жана балага гана эненин сүйүүчү жүрөгү толук арналган. Эне, энеке! Энелер ушундай жана башка көптөгөн ширин сөздөргө толук татыктуу. Эненин жүзүн караганда бейкапар балалык күндөрдү эске түшөт. Эне бизге өмүр тартуулап, бүт өзүн бизге арнаган. Эненин жүрөгү гана ушундай берилип сүйө алат. Кээде биз энени өзүбүздүн жасаган ишибиз, же жасабаган ишибиз менен, орой сөздөрүбүз менен таарынтып коёрубуз жөнүндө такыр ойлонбойбуз.

Кыргыздар байыртадан аял-энени ыйык көргөн, сүймөнчүлүк менен Умай-эне атаган, жерди урмат менен Жер-Эне, өз тилин – Эне тил деген!

Эне тилейт «Күндүн нуру тоңбосо!»
Эне тилейт «Күндүн нуру соолбосо!»
…Мен да тыйпыл, күн да тыйпыл болмокчу,
Эгер кокус эне заты болбосо!

Турар Кожомбердиев

Дүйнөдө тен келбеген асылдыктар,
Ааламда бир келбеген жалын шыктар.
Жаз болуп гүлүн ачып турасынар,
Энесин, сүйүү, жарсын, баарын кутман.

Белгисиз автор

## Эне

Толготкондо чыдап турган күчүңдөн,
Төгүп мээриң ийип берген сүтүңдөн.
Кутулбасмын Марска барып келсем да,
Калкыма мен өчпөс ырлар берсем да.

Адамзатта күндөй жарык ак пейил,
Энебиздей эч бир кымбат жан болбойт.
Барына тең мээрими жаз ак пейил,
Бардык жагы төп келишкен шай болбойт.

Айга чыгып айдан даам татсак да,
Ак сүтүңдөй дары таттуу бал болбойт.
Кыштын күнү атом отун жаксак да,
Коюнуңдай жылуу-жумшак жай болбойт.

Эне сенин атыңды эле атасам,
Эрк кошулуп кубат кирет боюма.
Ыр табалбай мээ катырып чарчасам,
Ыр куюлат Чүй суусундаң оюма.

Калпып алып эчак айткан сөзүңдү,
Кубаты мол ширин ырлар жазалам.
Карысам да медер кылып өзүңдү,
Кайта баштан жыргал доордо жашарам.

(Осмонкул Бөлөбалаев)

## Апа, Апа!

Апа, апа! Жаным апа, сен өзүң
Аябастан мага мээриң төгөсүң.
Кокус менин күчөп калса жөтөлүм,
Кайгы-муңдун тереңине чөгөсүң.

Апа, апа! Жаным апа, сен өзүң
Мени мынча эрий жаздап өбөсүң?
Өңүң тургай, түшүңдө да айтасың:
"Аман жүргүн! Ишиң алга жөнөсүн!"

Апа, апа! Жаным апа, сен өзүң
Акыр түбү мен деп жүрүп өлөсүң.
Эмгегиңдин он миңден бир үлүшүн,
Эси жогуң кайдан сага төлөсүн?

(Темиркул Үмөталиев)

Энеме

Бул турмушта толгон сонун сүйүшүү,
Сүйүүсү жок жарык болбойт үй ичи.
Бардык сүйүү өзгөрүлөт, жаңылат -
Жаңылбаган жалгыз Эне сүйүүсү...

"Айым дагы, күнүм дагы бир сен" деп,
"Көрктүү жигит болгон чагың көрсөм" деп.
Гүл өмүрүм жасап коюп көз жумдуң -
Кирпигиңден көйнөк токуп көркөмдөп...

Мүшкүл тартып бир мен үчүн иштедиң,
Оттон-суудан мага бакыт издедиң.
Кантем эми жүрөктөгү арман күч,
Өз колумдан бир чөөгүн чай ичпедиң.

Элесиңди медер тутуп өсөргө,
Апакебай, сүйбөптүрсүң бекерге.
Сага деген ыйык сүйүүм жүрөктөн,
Азыр бүтүн арнап койгом Мекенге.

Акбар Токтакунов

**Апамдан мурун озунуп...**

Көрө сала айлымды
Унутуп койдум бөлөктү,
Табуу кыйын мен үчүн
Андан ашкан жөлөктү.
Утурлоого алдыман
Күлүк суусун жөнөттү,
Апамдан мурун озунуп
Тууган жердин жели өптү.
Коёр замат бутумду
Боюма күч тарады,
Балабыз келген тура деп,
Тоо, токой, там, дарагы -
Баары мага карады.
Кыйын болоор жеткирүү
Ал кездеги сезимди,
Белек кылып аларга
Бергим келди өзүмдү...

Б. Асаналиев

**Эне жүрөгү**

Түн бир убак. Саат эки-үч чамасы
Эне уктабайт миң кубулуп санаасы

«Эрте келем», – деп убада берди эле,
Эмне мынча кечикти экен баласы?

«Ээн түндө бирөө жыга чаптыбы?
Же мас болуп кадеми анын каттыбы?
Же кошулуп бузулган бир чөйрөгө
Намыс-арын, ата наамын саттыбы?»

Келе берет ойлор самсып дагы да,
Энесинин тынчтык бербей жанына
Анан туруп жылып чыгып балкоңго,
Көз чаптырат уулу келер жагына.

Жымжырт тынчтык. Эл уйкуда термелип,
Аймайт бетти Ала-Тоодон жел келип.
Эч кыймыл жок. Эненин көз алдына,
Келе берди көп нерселер иргелип.

Бейбаш эле кичинекей кезинде,
Тынчы кеткен көп учурлар эсинде.
Уул болду тарбияга аз көнгөн,
Чач агартып, так калтырып сезимге.

Антсе деле эне байкуш – «балам» – деп
«Ага келер балакетин алам – деп,
Ар убакта аман болсун! – деп тилейт,
Үйлөнгөн соң тык токтолуп калар» – деп.

Уйку көрбөй уулун күтөт энеси,
Кулагына кирбейт айткан жемеси.
Энени аёо сезими жок балада,
Табийгаттын бул кылганы эмнеси?

Табийгаттын теңсиздигин карачы,
Эч ким буга боло албайт арачы.
Эч түгөнгүс түйшүк тартса энеси,
Аны сезбейт дардаңдаган баласы.

<u>К. Артыкбаев</u>

Эненин мээриминде чек жок, урматтуу алтын энелер, апалар, "Энелер куну" майрамыңыздар кут болсун!

Маалыматты даярдаган А.Акматова